**Изденүүчү Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» деген 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына биринчи расмий оппоненттик**

# ПИКИР

Бул диссертациялык изилдөөнүн маанисин жана актуалдуулугун бир нече көз караштарга таянып баалоого жана мүнөздөөгө болот.

Биринчиден, кыргыз журналистикасында кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маалыматтык программалардын илимий изилдөөсү алгачкы жолу ишке ашырылышы.

Экинчиден, диссертация телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын жана азыркы абалын Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (КТРК) телекөрсөтүүсүнүн мисалында изилдеп, ар кандай коомдук мамилелердин өзгөчөлүктөрүн: бийлик менен ММКнын, бийлик менен коомдун жана ММК менен коомдун өз ара аракеттешүүсүн ачып берүүсү.

Үчүнчүдөн, бул эмгекте илимий-практикалык материалдардарды жана конкреттүү программаларды изилдөөнүн негизинде маалыматтык телекөрсөтүүлөрдүн мазмундук жана жанрдык мүнөздөмөлөрүнүн берилиши.

Ушуга байланыштуу диссертациянын актуалдуулугу - заманбап кыргыз тележурналистикадагы маанилүү маселелерди изилдөөгө, тактап айтканда, маалыматтык программалардын типологиялык жана структуралык өнүгүү тенденциясын көрсөтүп, коомдук телекөрсөтүүнүн маанисин аныктап берүүсүндө.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 177/06
"25" февраля 2022 г.

Кыргызстандын ички саясий жана экономикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүнөн улам, маалыматты ыкчам жайылтуу монополиясы мурдагыдай эле негизинен КТРКга таандык. Ошондуктан диссертациянын КТРКнын мисалында иштелип чыгуусу да учурдун талабына ылайык.

Каралып жаткан диссертациянын темасынын актуалдуулугун дагы бир социалдык жагдай менен түшүндүрсө болот. Заманбап шарттарда телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалар, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн айтымында, көрүүчүлөрүн жоготпостон, тескерисинче, алардын санын көбөйтүп келет. Бул - маалыматтык телеберүүлөрдүн көрүүчүлөр арасында популярдуулугун белгилейт.

Ал эми, маалымат каражаттарынын милдеттеринин бирден бири: коомго өлкөдөгү жана дүйнөдө болуп жаткан окуялар, саясат, экономика, илим-билим, маданият, тышкы чөйрө жана адамдын ички турмушу жөнүндө маалымат берүү болуп саналат. Бул багытта адамга ар кандай коомдук мамилелерди түшүнүп, өз көз карашын түзүш үчүн социалдык маанилүү, даректүү маалымат керек.

Ошондуктан, каралып жаткан диссертациянын максаттарына азыркы телекөрүүчүнүн маалыматтык муктаждыктарын, коомдук пикирди калыптандырууга телекөрсөтүүнүн таасирин изилдөө кирген.

Ушуга байланыштуу диссертациянын темасы маанилүү, актуалдуу жана жогорку илимий мааниге ээ деп айтсак болот.

Жүргүзүлгөн изилдөө жана бул диссертациянын жыйынтыктары кыргыз тележурналистикасынын илимий чөйрөсүндөгү айрым кенемтелерди толуктай алат. Изденүүчү Кыргызстандагы маалыматтык программалардын иштешин, алардын өнүгүү этаптарын, өзгөчөлүктөрүн карап чыккан. Ал адегенде республикадагы телекөрсөтүүнүн өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багытта дүйнөлүк стандарттарды караштырып, башка өлкөлөр менен салыштырма талдоо жүргүзүп, андан соң

Кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маалыматтык берүүлөрдү түздөн-түз практикалык изилдөөгө өткөн.

Диссертацияда аталган темаларды кароо жана талдоо үчүн изилдөөчү профессионалдык деңгээлде илимий иштин бул түрүнө карата методологиялык жана структуралык талаптарды колдонгон. Бул контексте диссертант талдоодо дедукцияны ийгиликтүү колдонуп, негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорду алганын баса белгилесе болот.

Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Үч тиркемеси бар.

Диссертациянын ар бир бөлүгүндө жалпысынан илимий иш жазуунун принциптери жана ыкмалары сакталган десек болот. Диссертациянын **киришүүсүндө** иштин актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, максаты жана милдеттери, теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы, түзүмү жана көлөмү, материалдары илимий басылмаларга чыгышы жөнүндө маалымат жана изилдөөчүнүн жеке салымы, коргоого коюлуучу негизги жоболору көрсөтүлгөн.

«Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн программалары (тарыхый-типологиялык контекст)» деп аталган **биринчи бөлүмү** эки параграфтан турат. Диссертациянын бул бөлүмүндө телекөрсөтүүнүн өнүгүшүнүн теориялык негиздери жана Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы кыргыз телекөрсөтүүсүнүн, өзгөчө маалымат программаларынын өнүгүү тарыхы, алардын типологиясы каралат.

**Экинчи бөлүмү** «Коомдук телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын өнүгүү этаптары» деп аталып, үч параграфтан турат. Бул бөлүм коомдук каналдын дүйнөлүк стандарттарына, ошондой эле КТРКнын маалыматтык программаларын жаратуу процесстерине, заманбап санариптик чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнө арналып, коомдук телеберүүнүн стандарттарын, маалыматтык саясатын камтыйт.

Эки параграфтан турган иштин **үчүнчү бөлүмү** «КТРКнын маалыматтык программалары: мазмундук өзгөчөлүктөрү жана жанрлары» деп аталат. Анда жаңылыктарды берүүнүн көйгөйлөрү, телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын билдирүүлөрү, КТРКнын эфиринде көрсөтүлгөн материалдар талдоого алынган. Алардын салыштырма анализи жүргүзүлгөн. Ошондой эле «Ала-Тоо 24» маалымат телеканалынын мазмуну жана тематикасы изилденген.

Изилдөө объектиси - бул КТРКнын ар кандай жылдардагы маалыматтык программалары. Диссертант чоң көлөмдөгү маалыматты чогултууга жана аларды талдап чыгууга көп күч жумшаган.

**Корутундуда** изденүүчү изилдөөнү эки этапка бөлгөнүн баса белгилеп кетиш керек:

1 этап. 1991-2009-жылдар. Эгемен доордогу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат берүүсү "Мамлекеттик телерадиоберүүлөр компаниясын түзүү" жарлыгы менен тыгыз байланыштуу болуп калды. Эгемендүүлүктү алып, башка түзүмдөр менен бирге Кыргыз телекөрсөтүүсү да өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өткөн.

2 этап. 2010-2020-жылдар. 2010-жылы Кыргыз телекөрсөтүүсүнө "коомдук" макам берилип, коомдук берүүлөр талап кылган эрежелерди кармануу аракеттери болгон. Бирок, Кыргызстанда коомдук телеканал бар деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү жеке өндүрүмдүн аздыгы, ага ээлик кылуучулардын (мамлекет, демөөрчү) буйрутмалары, бир тараптуу маалыматтык берүүлөр көрүүчүлөрүн ММКнын башка булактарын тандоосун шарттады. Электордук медиа өлкөнүн жашоосун ар тараптуу жана ачык чагылдыруу менен көрүүчүнүн көңүл чордонунан орун алды. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат программаларынын көрүмдүүлүгү (камтуу аймагынын кеңдиги) жогору болгону менен, ММКнын башка булактарынын маалыматтарына атаандаш боло алган эмес.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы алгачкы жолу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтарды чагылдыруу жана таркатуу маселелери илимий негизде кеңири анализ жүргүзүлгөнү менен шартталат.

Диссертант белгилегендей, бул изилдөө төмөнкү багыттары менен мүнөздөлөт:

1. Мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгү анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдырганы салыштырылышы;

2. Социалдык-саясий курч кырдаалда маалыматтык кызматтардын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы өзгөчөлүктөрү изилдениши жана маалыматтык программанын жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши, жаңылыктар программасын түзүү спецификасы аныкталышы;

3. Журналистиканын эл аралык стандарттары Кыргызстандагы коомдук телеканалдын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгышы;

4. Санариптик доордо мамлекеттин маалыматтык саясатынын ишмердүүлүгүнө, телекөрсөтүүнүн маалыматтык программасынын материалдык-техникалык камсыздалышына, кадрларды окутуу жана билимин жогорулатуу алкагындагы аракеттерине көңүл бурушу.

Бизге изилдөөнүн маңызы Кыргызстандагы маалыматтык тележурналистиканын ишмердүүлүгүн изилдөөдө, коомдук телекөрсөтүүнүн түзүлүшүнүн моделин аныктоодо болуп жаткандай туюлат.

Диссертацияда изденүүчү Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын эгемендүүлүк жылдардагы өнүгүү тенденциясын, мамлекеттик, улуттук, коомдук макам алуудагы абалын, ийгилик, кемчиликтерин жана маалыматтарды берүү ыкмаларын изилдөө деген максатына ийгиликтүү жетти десек болот. Эмгекте коюлган милдеттерди чечүү Кыргызстанда маалыматтык телеберүүнү өнүктүрүүнүн реалдуу абалын чагылдырууга жөндөмдүү деп эсептейбиз, диссертант муну ишке ашырды.

Диссертациянын жоболору ар кандай илимий платформаларда оң бааланды. Иш маалыматтарды чогултуу жана талдоо үчүн ар кандай методикалык каражаттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн. Тыянактар жана жыйынтыктар бири-бирине шайкеш келет.

Автореферат жана жарыяланган эмгектер илимий изилдөөнүн негизги мазмунун туура чагылдырат.

Бирок, мындан тышкары диссертацияда кээ бир мүчүлүштүктөр да кездешет, анын ичинде:

1. Каралып жаткан маалыматтык программалардын конкреттүү чыгарылыштарынын мисалдарынын санын көбөйтүү максатка ылайык болор эле, талдоо дагы деталдуу болуп чыкмак.

2. Жаңылыктар чыгарылыштарынын жана алардын тематикасынын тандоосунун аргументтик базасы олуттуураак болсо жакшы болмок.

3. Диссертациянын илимий жаңылыгы катары көрсөтүлгөн жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгүн КТРКнын программаларына салыштырмалуу анализи кеңирирээк берилсе учурдун талабына ылайык болмок.

4. Диссертациянын тиркемелери аларда келтирилген программалардын чыгарылыштары жүктөлгөн DVD-диск менен коштолсо, анда алардын визуализациясы сапаттураак чыкмак.

5. Иште грамматикалык жана орфографиялык каталар кездешет.

6. Кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттарда майда кемчиликтер байкалат.

7. Иштин жасалгасында техникалык мүчүлүштүктөр бар, кээ бир үзүндүлөрдө илимий текст публицистикалык стили менен жазылып калган.

Жогоруда аталган мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий маанисин төмөндөтпөйт. Бул изилдөө теориялык жана практикалык мааниге ээ. Жактоого чейин эксперттик тыянакта айтылган маселелерди диссертант эске алып, кемчиликтерди оңдоп чыкты.

Кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маанилүү маселелерге багышталган илимий-теориялык эмгектер аз болгондуктан, бул диссертация телекөрсөтүүнүн башка маселелерин мындан ары изилдөө үчүн маанилүү булак боло турган илимий эмгек деп эсептесе болот.

Корутундулап айтканда, «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» деген темадагы диссертация өзүнүн илимий-теориялык деңгээли жагынан Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын кандидаттык диссертацияга койгон талаптарына жооп берет жана Капарова Чынара Абдылдаевна 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук татыктуу.

**Биринчи расмий оппонент,**
**филология илимдеринин доктору, доцент,**
**Б.Н. Ельцин атындагы**
**Кыргыз-Россия Славян университетинин**
**эл аралык журналистика кафедрасынын**
**профессору** **Ж.О. Султанова**

**24.02.2022**

ф.и.д. Ж.О. Султанованын
колун тастыктайм

КРСУнун кадрлар
бөлүмүнүн башчысы
И.Н. Касимова

Подпись заверяю
Начальник
Управления кадров
ГОУВПО КРСУ